Жакып Омуралиев атындагы орто мектебинде 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата «Ар бир элдин тили-ошол нечен кылымдык акылынан жаралган кымбат мурасы » аталышындагы иш чара.

1-алып баруучу: Саламатсыздарбы, Кутман күнүңүздөр менен!

2-алып баруучу: Улуттун улуу күнү 23-сентябрь Мамлекеттик тил майрамыңыздар менен куттуктайбыз!

Майрамдык салтанатты ТИЛ гимни менен ачып алалы.

2.Тил гимни

1-алып баруучу

Кыргында далай беттешип,
Кыргыздар нени көргөн жок.
Кырылып көбү өлсө да,
Кыргыздын тили өлгөн жок

2-Алып баруучу:

Элибизди эл кылып улут катары таанытып келаткан улуу белгибиз — эне тилибиз кыргыз тили. «Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт» анын сыңарындай кыргыздын кыргыздыгы анын эне тили аркылуу билинет, эне тили аркылуу даңкталат.

1-алып баруучу

Анда эмесе Мамлекеттик тил майрамына арналган «Ар бир элдин тили-ошол нечен кылымдык акылынан жаралган кымбат мурасы » аталышындагы кечебизди баштоого уруксат этиниздер.

Майрамдык кечебизди 9-класстын кыздары кыргыз бийи менен ачып берсин.

2-алып баруучу:

Жан дуйномду жаркыраткан агарткан
Жалгыз гана кыргыз тилге сыйынам
Жашоо- турмуш титиретип үшүтсө
Жалынына ушул тилдин жылынам